FROM : FAX NO. : 2 Dec. 2011 11:22PM P1

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН
ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ
НООКЕН РАЙОНДУК
ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ
инд. 721200 Ноокен р-ну Масы айылы Ленин к.№9
тел. факс 03734 5-05-44

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ
ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
НООКЕНСКОГО РАЙОНА
инд. 721200 Ноокенский р-н с.масы ул.Ленина №9
тел. 03734 5-05-44

18.11.2021 № 27-8/3985

________________№___________катка

**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына**

# БИЛДИРҮҮ

2021-жылдын 17-ноябрында Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын ыкчам аракеттенүүчү координациялык тобунан №56 сандуу маалымат келип түшүп, анда; Ташиев А[redacted] аттуу жаран өзүнүн 0770[redacted]7 сандуу абоненттик номери аркылуу Кыргыз Республикасынын БШКнын ыкчам аракеттенүүчү координациялык тобуна, Ноокен районунун Масы айылында орун алган Маданият үйүнүн айланасында Заитов Р[redacted] аттуу жаран, паспорту тууралуу маалыматтарды берген жарандарга 1000 (миң) сомдон акча бере тургандыгын сунуштап жаткандыгын билдирген.

Аталган маалымат боюнча топтолгон материалдар 2021-жылдын 17-ноябрында Ноокен РИИБдин маалыматтардын электрондук жарыналына 02-037-2021-001041 сандуу катталган.

Алдын ала текшерүү учурунда, өздүгүн Ташиев А[redacted] деп маалымдаган 0770[redacted]7 сандуу абоненттик номеринин ээси Жалал-Абад шаарынын Спутник кичи районунун [redacted] көчөсүнүн №[redacted] батиринин жашоочусу [redacted]-жылы туулган Абдимаит уулу А[redacted] экендиги аныкталып, ал өзүнүн көрсөтмөсүндө; 2021-жылдын 15-16-ноябрь күндөрү Жалал-Абад шаарында жүргүнчү ташуучу кичи автобуздун ичинде бара жатып, өзүнө бейтааныш жарандардын сүйлөшүп жаткан сөздөрүнөн, Ноокен районунун Масы айылында орун алган маданият үйүнүн айланасында "Заитов Рахман" аттуу жаран паспорту тууралуу маалыматтарды берген жарандарга 1000 (миң) сомдон акча берерин сунуштап жаткандыгы тууралуу сөздөрүн угуп калып, 2021-жылдын 17-ноябрь күнү жарнамадагы "1255" сандуу телефон номерине өзүнүн 0770[redacted]7 сандуу абоненттик номери аркылуу чалып, ал жарандардан уккан маалыматтарын айткандыгын, бирок факт жүзүндө эч кандай материалдар жок экенин, ал автобузда бараткан жарандар чын сүйлөгөнү же жалгандан эле бири-бири менен тамашалашып сүйлөгөндүгү тууралуу маалыматы жок экенин билдирген.

Ал эми, Заитов Рахман аттуу жарандын өздүгү Ноокен районунун [redacted] айыл өкмөтүнүн [redacted] көчөсүнүн тургуну [redacted] жылы туулган Заитов

Р[redacted] А[redacted] экендиги аныкталып, ал өз көрсөтмөсүндө; азыркы күндө аталган даректеги үйүндө үй тирикчиликтери менен жана өзүнүн мал жандыктарын багуу менен алектенип, үйдө эле олтурганын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгынын шайлоо күнүнө карата эч кандай партиялар же жеке мандаттуу талапкерлерге иштеген эместигин, ошондой эле Масы айылында орун алган Маданият үйү тарабына келген эместигин, андан тышкары бул сыяктуу шайлоо же саясат тууралуу иштерге кызыктар эмес экенин билдирген.

Ошондой эле, Заитов Р[redacted] А[redacted] уулу Заитов Б[redacted] Р[redacted], карындашы Заитова Г[redacted] А[redacted] жана кошуналары Юсубалиева Г[redacted] К[redacted], Заирбек уулу М[redacted] өз көрсөтмөлөрүндө; Р.Заитов ар дайым дыйканчылык жана мал-чарбасы менен алектенип келгендигин, ал эч кандай саясий партияларга же жеке мандаттуу талапкерлерге иштеген эместигин билдиришкен.

Окуя боюнча, Ноокен районунун Масы айылында орун алган Маданият үйүнүн кайтаруучусу Хамракулов Т[redacted], ошондой эле Маданият үйүнүн айланасына жакын жашаган жарандар Карабаева И[redacted], Мамараимова М[redacted], Юнусов М[redacted], Карабаев А[redacted], Мамажанова Ф[redacted] жана Нишанова Д[redacted] өз көрсөтмөлөрүндө; алардын үйүнө же маданият үйүнүн айланасына эч кандай саясий партиялардын мүчөлөрү же жеке адамдар келип үгүт иштерин жүргүзгөн эместигин жана аларга эч ким акча сунуштаган эместигин билдиришкен.

Мындай жагдайларда, жаран Заитов Р[redacted] А[redacted] өз үйүндө дыйканчылык жана мал-чарбачылык менен алектенип, эч кандай Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер саясий партиясына же жеке мандаттуу талапкерлерге иштебегендигин эске алып, Абдимаит уулу А[redacted] Кыргыз Республикасынын БШКнын ыкчам аракеттенүүчү координациялык тобуна берген маалыматы ордун таппагандыктан, тактап айтканда бул окуянын жосунунда кылмыштын, жоруктун же бузуулардын белгилери байкалбагандыктан, окуя боюнча топтолгон материалдар мындан ары сактоо үчүн номенклатуралык журналына каттоого жиберилген.

Эгер аталган чечимге наразы болсоңуз, Ноокен райондук прокуратурасына кайрылууга укуктуу экендигиңиздерди билдиребиз.

Ноокен РИИБдин ЖЖИБнүн
ыйгарым укуктуу кызматкери
милициянын капитаны: **Молдалиев Д. Т.**